Токтомаметов А.  п.и.к.
КББА лаборатория башчысы

# EGRA деген эмне жана ал Кыргызстанда кандай ишке ашып жатат?

Макала төмөнкүдөй түзүмдөн турат:

Түйүндүү түшүнүктөр.

Киришүү.

1. EGRA деген эмне?
2. EGRAнын Кыргызстанда алгачкы жолу колдонулушу.
3. USAID «Бирге окуйбуз» долбоору.
4. EGRAны мындан ары өткөрүү боюнча сунуштар.

Корутунду.

Колдонулган адабияттар.

**Түйүндүү түшүнүктөр**: окуу көндүмдөрү, аларга коюлуучу базалык талаптар, башталгыч класстын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн баалоо, тыбыштык кабыл алуу, окуй алуу, сөз байлыгы, окуу ылдамдыгы, аң сезимдүү окуу жана адабий аспект, окуу маданияты, тааныш жана тааныш эмес текстти окуу, угуп түшүнүү жана жат жазуу.

**Киришүү**

Балдардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу башталгыч класстардагы негизги ишмердик болуп саналат. Анткени алар адабий окуу предметин гана эмес, калган бардык окуу предметтерин өздөштүрүү үчүн зарыл негизги курал болуп саналат. Алсак, окуй албаган, окуганын түшүнбөгөн баланын Мекен таануу, адеп, тиричилик коопсуздугунун негиздери окуу предметтеринен материалды өздөштүрүүсү, математика сабагынан маселенин шартын түшүнүүсү мүмкүн эмес. Ошондуктан башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн калыптандыруу андагы бардык окуу предметтерин өздөштүрүү үчүн негиз болуп саналат.

Эл аралык тажрыйбада окуу көндүмдөрүнүн өзөгүн негизги беш көндүм түзөт, алар:

1. тыбыштык (фонемалык) кабыл алуу;
2. окуй алуу (декодирование);
3. сөз байлыгы;
4. окуу ылдамдыгы;
5. аң сезимдүү окуу.

Окуу көндүмдөрүн эл аралык тажрыйбага ылайык калыптандырууга кызыкдар ар бир мамлекет бул негизги беш көндүмдү өзүнүн шарттарын, мүмкүнчүлүктөрүн, менталитетин эске алуу менен, ыңгайлаштырып, жакшыртып, өркүндөтүп иштеп чыгып колдонуп келет. Эл аралык өнүктүрүү боюнча АКШнын агенттигинин (USAID) “Бирге окуйбуз» долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасында эки тилде иштелип чыккан башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар, башталгыч класстардын мугалимдеринин адистигин жогорулатуу үчүн үч түрдүү тренингдик материалдар, башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн баалоо материалдары ушул беш көндүмдүн негизинде, аларды ыңгайлаштырып, кайра иштеп чыгуунун натыйжасында пайда болду.

## 1. EGRA деген эмне?

EGRA (Early Grades Reading Assessment) – башталгыч мектепте окуу көндүмдөрүн баалоо. EGRAны иштеп чыгуу башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрү тууралуу Өкмөткө, ата-энелерге, мугалимдерге жана кызыкдар башка тараптарга маалымат бере турган жөнөкөй курал керек болгон 2006-жылы башталган. EGRA башталгыч класстын окуучуларынын окуу көндүмдөрүнүн деңгээлин ишенимдүү жана анча кымбат эмес баалоо куралы болуп саналат.

EGRA усулу RTI International уюму тарабынан иштелип чыккан. Ал башка элдердин, тилдердин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, ал тилдерге которулуп,

ыңгайлаштырылып иштелип чыгып, учурда 40тан ашык өлкөдө колдонулууда. Кыргызстанда колдонулган EGRA төмөнкүдөй компоненттерден турат, алар:

1. Тамгалардын аталыштарын билүү;
2. Сөздөгү баштапкы тыбышты аныктоо;
3. Тамганын тыбыштарын билүү;
4. Аталгандарды сүрөттөн көрсөтүү (сөз байлыгы);
5. Тааныш сөздөрдү окуу;
6. Тааныш эмес сөздөрдү окуу;
7. Текстти үн чыгарып окуу жана суроолорго жооп берүү;
8. Угуп түшүнүү жана суроолорго жооп берүү;
9. Жат жазуу.

*Эскертүү*: 2011-2012-жылдары өткөрүлгөн вариантында негизги бөлүм 8 компоненттен турса, 2014-жылдагы вариантта 9 компоненттен турду, мурдагы вариантка Аталгандарды сүрөттөн көрсөтүү (сөз байлыгы) бөлүмү кошулду.

EGRAда ушул 8 пункт боюнча башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрү бааланып, мындан сырткары окуу көндүмдөрүнө таасир этүүчү бир нече факторлор аныкталат. Алар: мектептин жайгашкан орду (айыл жери же шаар), мектептеги окутуу тили, үйдө окуу үчүн материалдардын болушу, ата-энесинин жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн окуу адаты ж.б.

**2. EGRAнын Кыргызстанда алгачкы жолу колдонулушу**

EGRA Кыргызстанда алгачкы жолу 2011-2012-жылдары USAIDдин көмөгү менен өткөрүлдү. USAID аны өткөрүү үчүн JBS International Inc компаниясынын Aguirre Division бөлүмү менен изилдөө өткөрүүгө келишим түзүп, изилдөөдө башталгыч класстардагы окуу көндүмдөрүн баалоо жана учурдагы окууга тиешелүү окутуу усулдарына, материалдарына сапаттык талдоо жасоо ишке ашты.

Изилдөө тобу тарабынан Кыргызстанда Бишкек шаарында жана Чүй, Жалал-Абад, Ош, Ысык-Көл облустарында кыргыз жана орус тилдеринде 2,321 башталгыч мектептин окуучусу шаар жана айыл жеринде EGRA боюнча тесттен өттү.

| Кыргыз Республикасы | | | |
|---|---|---|---|
| Кыргыз тилинде окуган класстар | 2-класс | 535 | 1612 |
| | 3-класс | 554 | |
| | 4-класс | 523 | |
| Орус тилинде окуган класстар | 2-класс | 239 | 709 |
| | 3-класс | 230 | |
| | 4-класс | 240 | |
| Бардык окуучулар | | | 2 321 |

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын 2006-жылы кабыл алынып, ошондон бери колдонулуп келе жаткан Башталгыч класстардагы предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты менен салыштырылды. Бирок, аталган стандартта окуу ылдамдыгына көп көңүл бурулуп, окуганын түшүнгөнүн баалоого коюлуучу талаптар жетиштүү иштелбегендиктен, негизинен окуу ылдамдыгы боюнча көрсөткүчтөр менен салыштырууга басым жасалды.

Бул тест башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн аныктаганы менен, анда бул көндүмдөрдүн балдарда кандайча калыптангандыгы бааланбайт. Ошондуктан бул көндүмдөрдүн калыптанышын баалоо үчүн изилдөө тобу тарабынан сандык көрсөткүчтөр менен катар эле окууга байланыштуу өлкөдө колдонулуп жаткан окутуу практикасына жана материалдарга сапаттык талдоо да жасалды. Сапаттуу изилдөө үчүн окуу көндүмдлөрүн калыптандыруу маселелерине тиешеси бар 25 кызматкерден кеңири интервью алынды. Аталган интервьюлардын жана окуучулардан алынган тесттин

натыйжасында өлкөдөгү сабаттуулуктун жана окуу көндүмдөрүнүн калыптанышынын абалын баалоого жана аларга карата сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк болду.

Изилдөөнүн натыйжалары өлкөдөгү башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн баалоо боюнча башка изилдөөлөр көрсөткөн натыйжаларды бекемдеди. USAID 2010-жылы билим берүүнүн сапатын жакшыртуу боюнча өткөргөн изилдөөгө ылайык, төртүнчү класстардын окуучуларынын 60%ынын окуусу базалык деңгээлден төмөн экендигин көрсөттү. Билим берүүдөгү баалоо жана окутуу усулдары (ЦООМО) уюму 2009-жылы өткөргөн изилдөөдө 70% окуучу базалык деңгээлден төмөн баага ээ болду. Муну PISA уюму 2006-жылы жана 2009-жылы өткөргөн изилдөөлөр да далилдейт. 2009-жылы өткөргөн изилдөөдө 15 жаш курактагы 83,2% окуучу эл аралык сабаттуулук стандартынын төмөнкү деңгээлине жете алган жок (ЦООМО, 2010а). Эки жолку изилдөөдө тең ага катышкан өлкөлөрдүн ичинен Кыргызстан акыркы орунду ээледи.

EGRA боюнча Кыргызстанда алгачкы жолу өткөрүлгөн изилдөөнүн натыйжасы окуучулардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу үчүн төмөнкүдөй 5 артыкчылыктуу багытты аныктады:

1. Окуу көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча класста колдонулуп жаткан окуу усулдарын талдоо. Мында окуу көндүмдөрүн калыптандырууда окуу ылдамдыгына эмес, аң сезимдүү окууга, окуганын түшүнгөнүнө басым жасалышы керек.
2. Мугалимдердин адистигин иштеген жеринде жогорулатуу. Бул багытта окууга байланыштуу окуу программаларын, усулдук материалдарды өркүндөтүү менен, мурдагы долбоорлордун тажрыйбаларын пайдаланып, окуу көндүмдөрүн калыптандыруунун алгылыктуу усулдарын пайдаланганга мугалимдерди жайкысын же дем алыш күндөрү жеринде окутуучу атайын тренингдерди өткөрүү зарыл.
3. Балдардын курагына ылайык келген окууга байланыштуу материалдардын мектепте жана үй-бүлөдө болушу. Аны үчүн балдардын курагына ылайык келген материалдарды иштеп чыгуу, балдар адабияттарын жергиликтүү тилдерде басып чыгаруу абзел.
4. Окуучулардын айрым топторунун муктаждыктарын канааттандыруу. Изилдөөдө эркек балдар менен кыздардын окуу көндүмдөрүндө, айыл жери менен шаардагы балдардын окуусунда айырмачылыктар, окутуу тили жана эне тили башка болгон балдардын окуусунда кыйынчылыктар аныкталгандыктан, аларды жоюу үчүн атайын стратегияны иштеп чыгуу зарылдыгы жаралды.
5. Окуу маданиятын өркүндөтүү. Мында окуунун маанисин коомчулукка жеткирүү, балдар китептерин басып чыгарууну, үйдө окууну жарнамалоо тууралуу сөз болмокчу.

Натыйжада ушул 5 багытта ишти алга жылдыруу үчүн USAIDдин “Бирге окуйбуз» аттуу төрт жылдык жаңы долбоору 2013-жылдын сентябрынан баштап Кыргыз Республикасында жана Тажикстан Республикасында ишин баштады.

**3. “Бирге окуйбуз” долбоору**

USAIDдин “Бирге окуйбуз» долбоору жогоруда аталган 5 багытта иш алып барып, учурда төмөнкүдөй жумуштар аткарылууда:

1. Кыргыз тилинде окуган мектептер жана орус тилинде окуган мектептер үчүн өзүнчө Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптардын долбоорлорун иштеп чыгып, алардын тексттери педагогикалык коомчулук, окумуштуулар жана практик мугалимдер арасында бир нече жолу талкуудан өтүп, Кыргыз билим берүү академиясынын сайтына жайгаштырылды жана аны Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңеши бекитти.
2. Башталгыч класстардын мугалимдеринин адистигин жогорулатуу максатында үч окутуу модулу иштелип чыкты:

2.1. Сабаттуулукту жогорулатуу боюнча колдонмо (улуттук тренерлер үчүн тренингдин материалдары, 10 күндүк, 72 саатка ылайыкталган);
2.2. Сабаттуулукту жогорулатуу боюнча колдонмо (Кыргыз билим берүү академиясында башталгыч класстардын мугалимдеринин адистигин жогорулатуу үчүн тренингдин материалдары, 40 саатка ылайыкталган);
2.3. Сабаттуулукту жогорулатуу боюнча колдонмо (башталгыч класстардын мугалимдери үчүн тренингдин материалдары, 90 мүнөттүк 36 сабактан турган 72 саатка ылайыкталган).

Бул модулдар кыргыз жана орус тилдеринде өз алдынча материалдар катарында даярдалды.

3. Долбоордун алкагында мурдагы практикага таянуу менен башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн баалоо боюнча курал (EGRA) жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен кайрадан иштелип чыкты, анын мазмунун калыптандырууга улуттук эксперттер активдүү катышты.

   Бул баалоо куралы 2014-жылдын февраль айында пилоттук текшерүүдөн өтүп, апрель айында Кыргыз Республикасынын аймагында жалпы баалоо ишке ашты. Ага Бишкек шаарынан жана 7 облустун баарынан кыргыз, орус тилдеринде жана аралаш тилдеги 130 мектеп тартылды. Алардын 65и пилоттук, 65и текшерүүчү мектептер болду. Баалоо изилдөөсүнө жалпысынан 6 000ден ашык окуучу катышты. Бул баалоо боюнча маалыматтар учурда иштелип чыгууда.
4. Окуу боюнча материалдардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо багытында Республикадагы балдар адабиятына кыскача баяндама даярдалып, талдоо жасалды.

USAIDдин “Бирге окуйбуз» долбоорунун ишмердигиндеги артыкчылыктар катары буларды көрсөтүүгө болот:

1. Учурда дээрлик бардык эл аралык долбоорлор баалоо маселесине аралашууда. Бирок, көпчүлүк баалоо процесси ошону менен эле токтоп, андан ары уланбай калууда. Бул долбоор баалоо менен гана чектелип калбай, жогоруда белгилегендей, баалоо материалдарынын негизин түзгөн башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар, башталгыч класстардын мугалимдеринин адистигин жогорулатуу боюнча тренингдик материалдардын пакети кыргыз жана орус тилдеринде иштелип чыкты, республикадагы окуу материалдарына (балдар адабиятынын абалына) талдоо жасалды. Мындан ары окуу материалдарынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, коомчулукта окуунун мааниси тууралуу диалогду, талкууну илгерилетүү багытында иштер жүрмөкчү. Б.а. долбоордун ишмердиги ар тараптуу, комплекстүү ишке ашууда.
2. Долбоор ишмердигин Кыргыз билим берүү академиясы, КР Билим жана илим министрлиги, КР Маданият жана маалымат министрлиги менен тыгыз кызматташтыкта ишке ашырууда. Долбоор менен бул уюмдардын ортосунда ишмердикти биргелешип ишке ашыруу тууралуу меморандумдарга кол коюлду.
3. Долбоор билим берүү жаатындагы өкмөттүк түзүмдөрдү, эл аралык уюмдарды жана коомчулук өкүлдөрүн кеңири катыштыруу менен, окуу көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча иштин жүрүшүнө көз салып, маал-маалы менен ага карата пикирин билдирип туруучу көзөмөлдөөчү органды түзүү тууралуу демилге көтөрүп, алгылыктуу ишти баштап жатат.

**4. EGRAны мындан ары өткөрүү боюнча сунуштар**

Жогоруда белгилеп кеткендей, башталгыч мектепте окуу көндүмдөрүн баалоо куралы эл аралык тажрыйбага негизделип даярдалып, анын мазмунун калыптандырууга жана жеринде өткөрүүгө жергиликтүү адистер, эксперттер жигердүү катышты. Бул баалоо куралынын сапатын арттырганга, аны жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен ыңгайлаштырып иштеп чыкканга, баалоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатканга шарт түздү.

Бирок, долбоордун алкагында баалоону өткөрүүдө айрым бир кемиликтерге жол берилди. Алсак:

1. Сөз байлыгы бөлүмүндө аталгандарды сүрөттөн көрсөтүүдө сынган идиштин, мушташкан балдардын сүрөтүн көрсөтүү каралган. Долбоордун адистери мындай сүрөттөр кийинки баалоолордо болбой тургандыгын билдиришти.
2. Түшүнүү үчүн тексттерге карата берилген суроолордо текстте жок маалыматтар суралып калган учурлар бар.
3. Тексттер боюнча суроолордо алдын ала же тексттин атына, таяныч сөздөргө карап божомолдоо орун алган эмес.

Биринчи кезекте мына ушундай кемчиликтер толугу менен четтетилиши зарыл. Аны үчүн баалоо куралы даяр болгон кезде анын акыркы вариантын компетенттүү адистердин экспертизасынан өткөрүү зарыл экендигин көрсөттү. Албетте, бул баалоо куралынын мазмунун түзүүгө эксперттер катышты. Бирок, кыргыз элинде “көп суур ийин казбайт, казса кең казбайт” деген макал бекеринен жаралган эмес. Көпчүлүк адистер жасаган эмгекти сөзсүз түрдө тиешелүү адистер жоопкерчилигин алуу менен экспертизадан өткүрүшү абзел.

Экинчиден, баалоо өткөрүлгөндөн кийин анын натыйжаларын, баалоо өткөрүлгөн материалдарды коомчулук менен бирдикте талкуулоо зарыл. Учурда абдан көп уюмдар баалоо өткөрүп жатышат. Бирок, бул багыттагы ишмердик баалоо тууралуу отчетту даярдоо менен токтойт. Аны өткөрүү куралын, баалоонун жыйынтыктарын талкуулоону уюштурушпайт. Баалоону өткөрүүдө орун алган кемчиликтерди, баалоонун натыйжасында аныкталган мүчүлүштүктөрдү жоюу багытында иштер аткарылбайт. Натыйжада баалоодон жыйынтык чыгарылбайт. Ошондуктан долбоор башка долбоорлордун кетирген мындай кемчиликтеринен жыйынтык чыгарышы керек.

Үчүнчүдөн, баалоонун өткөрүлүшү тууралуу жарнама иштери колго алынып, коомчулукта ал тууралуу туура маалыматтын болушу шарт. Бул коомчулук тарабынан баалоону туура түшүнүү, аны колдоо үчүн жагымдуу жагдай жаратат.

Төртүнчүдөн, материалдарды которуу маселесине жакшылап көңүл бөлүү зарыл. Анткени материалдардын так эмес, сапатсыз которулушу изилдөөнүн натыйжасына олуттуу таасирин тийгизет.

Бешинчиден, практика көрсөткөндөй, окуучуларда тест тапшыруу тажрыйбасы жетишпейт. Натыйжада, уюштуруу, тест тапшырууга көнүгүү маселелери да изилдөөнүн натыйжаларына терс таасирин тийгизет. Буга кошумча башталгыч класстардын мугалимдери балдардын жообу туура жоопко жакындаса эле аны колдоого алышат да, окуучулар окшоштуруп эле жооп бергенге көнүп калышкан. Долбоор мындай кемчиликтерди жоюу багытында иш алып барса да жакшы болмок.

Алтынчыдан, деги эле окуу жана баалоо маселелери боюнча иш жүргүзүп жаткан уюмдардын, долбоорлордун ортосунда тыгыз байланыш жок. Алар бири-биринин тажрыйбаларын практикада колдонбой жатышат. Долбоор бул кемчиликти да эске алышы абзел.

**Корутунду**

Учурда мамлекет да, мектеп, мугалимдер да, ата-энелер, коомчулук да, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар да, долбоорлор да окуу боюнча баалоону натыйжалуу өткөргөнгө жана долбоордун мөөнөтү аяктагандан кийин да баалоо боюнча мыкты куралга ээ болуп калганга, аны менен окуу көндүмдөрүн баалоону системалуу өткөргөнгө кызыкдар.

Ошондуктан, баалоону өткөргөнгө чейин баалоо куралынын акыркы вариантын адистердин экспертизасынан өткөрүп, баалоо материалдарын жана анын натыйжаларын коомчулуктун кеңири катышуусу менен талкуулоо, баалоодон жыйынтык чыгаруу, б.а. баалоодон алынган натыйжалардын негизинде окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана бул багыттагы мугалимдердин адистигин жогорулатуу боюнча тиешелүү материалдарды иштеп чыгып, аны ишке ашыруу, материалдарды так, туура

которууга көңүл буруп, баалоонун өткөрүлүшү тууралуу жарнама маселесине көңүл буруу, балдарды, мугалимдерди тест өткөрүүгө окутуп-үйрөтүү менен, окуу жана баалоо маселелери менен алектенген уюмдардын, долбоорлордун ортосунда байланышты бекемдөө зарыл.

**Колдонулган адабияттар**


1. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. Башталгыч класстар. –Б., 2006;
2. Башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. –Б., 1996;
3. Башталгыч класстардын программалары (Кыргыз тил, адабий окуу жана класстан тышкаркы окуу, математика, Мекен таануу), -Б., «Кыргызстан», 1996, «Педагогика», 2001, 2004, 2013;
4. Обзор. Обучение чтению и навыкам чтения в начальных классах. // Кыргыз Республикасында жана Тажикстан Республикасында окуу көндүмдөрүн баалоо боюнча изилдөөнү өткөрүү тууралуу жыйынтыктоочу отчет, -Бишкек, 2002.
5. Кыргыз билим берүү академиясынын сайты: www.kao.kg
6. Эрте жаштагы сабаттуулуктун негизги көндүмдөрүнүн динамикалык тестинин көрсөткүчтөрү (DIBELS). Материал менен бул сайттан таанышууга болот: http://dibels.uoregon.edu/dibelsinfo.php
7. CEATM (2010a). The Programme for International Student Assessment (PISA). Материал менен бул сайттан таанышууга болот: http://www.testing.kg/files/pdf/2010/PISA2009_KGZ_Results_EnglVersion.ppt
8. USAID (2011). USAID Education Strategy: Opportunity through Learning. Материал менен бул сайттан таанышууга болот: http://www.usaid.gov/our_work/policy_planning_and_learning
9. RTI (2011a) Reading Transforming Instruction (Февраль 2012). Материал менен бул сайттан таанышууга болот: https://www.eddataglobal.org/reading/index.cfm